УДК: 894.341-09(043.3)
DOI 10.33514/BK-1694-7711-2023-2(1)-246-250

**Алтыкеева Н.Ж., Итикулова А.Т.**
Талас мамлекеттик университети, гуманитардык факультети, окутуучу,
Талас мамлекеттик университети, гуманитардык факультети, окутуучу
**Алтыкеева Н.Ж., Итикулова А.Т.**
Таласский государственный университет, гуманитарный факультет, преподаватель,
Таласский государственный университет, гуманитарный факультет, преподаватель
**Altykeeva N.J., Itikulova A.T.**
Talas State University, Faculty of Humanities, Teacher,
Talas State University, Faculty of Humanities, Teacher

# КЫРГЫЗ ЭЛДИК ДАСТАНДАРЫНДА АЙТЫЛГАН КЕРЭЭЗДЕРДЕ БҮГҮНКҮ КҮНДҮН КӨЙГӨЙЛҮҮ МАСЕЛЕЛЕРИНИН КӨТӨРҮЛҮШҮ
# ОТРАЖЕНИЕ ПРОБЛЕМНЫХ ВОПРОСОВ СОВРЕМЕННОГО ОБЩЕСТВА В НАСТАВЛЕНИЯХ КЫРГЫЗСКОГО НАРОДА
# REFLECTION OF PROBLEMATIC ISSUES OF MODERN SOCIETY IN MANUALS OF THE KYRGYZ PEOPLE

**Аннотация:** Кыргыз эли элибиздин маданиятын, каада-салтын, турмуштук ар кыл көрүнүштөрүн, көчмөн турмушун чагылдырган элдик дастандарга өтө бай экени баарыбызга маалым. дастандардын мазмунуна теренден сересеп салсак, уруулар ортосундагы биримдик, достук элибиздин улут болуп калыптанышында негизги орунда тургандыгы көрсөтүлөт. Бул макалада биз “Манас”, “Багыш” эпосторундагы башкы каармандар болгон Көкөтөй, Багыш карыялардын керээздеринин социалдык маанисин талкуулоону максат кылдык. Керээздердин элдерди ынтымакка чакырып, тышкы душмандарга каршы туруу үчүн уруулар ортосундагы биримдикти күчөтүүдөгү маанисинин актуалдуулугу тууралуу сөз болот. Эпостор чагылдырган мезгилде элибиздин жашоосунун негизги булагын мал чарбачылыгы түзгөн. Ошол себептүү учурдун талабына ылайык малды сарамжалдуу кармап, туура колдонууга аракет кылышкан. Бул маселелер керээздердин маанилеринде ачылат.

**Аннотация:** Кыргызский народ богат народными легендами о быте, о нравах, о кочевой жизни кыргызского народа. В легендах показываются, что основой сохранения кыргызского народа как нации важную роль играли единство, дружба, солидарность между племенами. В этой статье речь идет о главных героях Багыш и Кокотой , которые являются главными героями эпосов «Манас» и «Багыш», обсуждаются социальное значение их наставлений. Эти наставления призывают народ быть дружными чтоб противостоять внешним врагам. Подчеркивается актуальность их наставлений. В то время, о котором идет речь в эпосе, главным источником жизни кыргызского народа было животноводство и в наставлениях Багыш и Кокотой учат народ бережно относится к животным, беречь окружающую природу

**Abstract:** Reflection of problematic issues of modern society in manuals of the Kyrgyz people. The Kyrgyz people are rich with national legends of life, of customs, of nomadic life of the Kyrgyz people. In legends are shown that a basis of preservation of the Kyrgyz people as the nations an important role was played by unity, friendship, solidarity between tribes. In this article Bagysh and Kokota who are the main characters of eposes "Manas" and "Bagysh" are in this article

as the main characters. It is discussed social value of their manuals. These manuals urge the people to be amicable to resist to external enemies. The relevance of their manuals is emphasized. At that time, about which there is a speech in the epos, the livestock production and in manuals Bagysh was the main source of life of the Kyrgyz people and Kokota learn the people makes thrifty use of animals, to protect the surrounding nature.

**Негизги сөздөр:** эпос, каарман, идея, актуалдуу, керээз, сарамжалдуулук, достук, биримдик, акылмандуулук, бейкуттук, көчмөн эл.

**Ключевые слова:** эпос, герой, идея, актуальность, завещание (наставление), заботливость, дружба, единство , мудрец, согласие, (единодушие), покой, кочевой народ.

**Keywords:** epos, hero, idea, relevance, will (manual), care, friendship, unity, wise man, consent, (unanimity), rest, nomadic people.

Кыргыз эли байыртадан тоолуу аймакты мекендеп, көчмөн турмушту башынан кечирип келгени бизге белгилүү. Географиялык жашоо шартына байланыштуу мал кармашкан, жоокерчилик заманга жана көчүп конууга ылайык жылкыны жогору баалап,күлүк таптакшкан. Ал эми төрт түлүк мал адамдардын чөйрөдөгү ордун да тастыктаган. Башкача айтканда,бири малы жок, демек, эч каражаты жок кедей болсо,бири сансыз мал-мүлкү менен атагы алыска жеткен, ый –урматка ээ болуп, бийик даражаны туткан, эл бийлеп эл башчы аталган. Анын мартабалуу даражасы кийинки мураскорлоруна калган, сансыз байлыгы менен кошо бийлиги да улам кийинки мураскорлоруна өтүп турган. Мына ушул элдин жашоо- турмушундагы зарылчылыктар элдик эпостордо да кенири баяндалат. Мисалы, С.Орозбаковдун варианты боюнча “Манас”эпосундагы “Көкөтөйдүн керээзи” бөлүмүн карап көрөлү.

Атактуу Көкөтөй хан өлөрүндө тууганы Байдын уулу Баймырзаны чакыртып керээзин айтат. Өз керээзинде эрке өскөн баласы Бокмуруңдун жаш, малынын бош калганын эскерип келип, төмөнкүлөргө токтолот:

1.Малдын жана дүйнөнүн эсебин айтып,ушул малды, дүнүйөнү бекер чачпоону,атасы өлгөнгө ар убакта мал керектигин эскертет.

2.Көкөтөй өлдү деп мусулман, капырдын баарын чакырып,топурак салганга түмөн журтту келтирип алып, ашкере зыянга туш болбоосун эскертет.

3.Доораныина, кара ашына эсепсиз малды сарптап, чыгымга учурабасын дейт.

4.Атама аш берем деп баласынын абылып-чабыларын сезип, ”кедейдин башы,кемпирдин ашындай” кылуусун айтат.

5.Ордодогу мүлкүн элге көрсөтүп, ачкөздөрдүн көзүн байлыкка түшүрбөөсүн эскертет.

6.Өлүк коюнун жол-жобоосуна токтолот жана баласы Бокмурун келмейин жайга койбой турушун суранат.

7.Колундагы малды ысырапсыз күтүп, калктын ынтымагын бузбасын, -деп керээзинин жыйынтыгын чыгарат.

Бирок Бокмурунга атасынын керээзин Баймырза мындайча жеткирет:

1) Бар журтка кабар айтсын,

2) Элден эч нерсе албай,каражатты бүт өз мойнуна алсын,

3) Он эки ай өткөндө аш берүү үчүн Үч-Каркыраны жайлап, үч жылча даярдансын, ашка бардык журт чакыртылсын, - деп айтат. “Атанды акылман деп жүрсөм, ушул кепти айтты” [1, 178-бет]-деп Көкөтөйдүн керээзин тенирден тескери баласына баяндайт. Анда Бокмурун атасынын керээзин кынтыксыз орундатмак болот.

Бокмурун Манаска келип, атасынын аянбай аш бер дегенин айтат. Манас кадырлуу карыянын кызматына даяр экенин билдирет.

Ошентип, эсепсиз эл келип, сансыз мал-мүлк сарпталат, Манас башында туруп ашы берилет.

Баймырзанын кылганы боюнча мындайча жыйынтык ойго келебиз:

1.“Тууган тууганды көрө албайт”дегендей Баймырзанын эки жүздүү,арам ойлуу адам экендигин көрүүгө болот.Анткени, ал атанын керээз сөзүн уулуна туура жеткирген жок.Демек, ал өз жакынын көрө албайт, анын чабылып-чачылышын каалайт.Ушул мүдөөсүнө жетүү үчүн ал эки нерсеге таянат:

а) Бокмурундун энөөлүгүн, эси жоктугун, ишенчээктигин билгендигине ;

б) Көкөтөй керээзин Баймырзага гана айткандыгына таянат да, эси жок Бокмурунду атасынын сан дүйнөсүн чачууга түртөт.

2.Ал Көкөтөйдүн сөзүн өз сөзү кылып айтуу менен эстүү-баштуу көрүнүп, Бокмурундун ишенимине киргиси келген.Муну анын “Атанды акылман деп жүрсөм, ушундай кепти айтты” ”[1, 189-бет] деген сөзү ырастайт.

Көчмөн турмушта жашап, өмүр бою мал чарбасы менен күн көрүп келген кыргыз эли үчүн төрт түлүк мал өтө бааланган. Көкөтөй карыя болсо башынан көп нерсени өткөрүп, жашоонун көп жактуулугун түшүнө билген. Көкөтөйдүн атагын алыска дүнгүрөткөн да мына ошол мал болгон. Албетте, Көкөтөй элге жасаган мамилеси, акылкөйлүгү, даанышмандыгы менен таанылган. Бирок анын социалдык, экономикалык абалын көтөргөн төрт түлүк мал экендиги ырас. Керээзинде эсепсиз малына, сансыз дүйнө – мүлкүнө токтолушу да ушундан улам болуп жатат. Ал мына буга:

1.Ошол мал-мүлккө жаш калган, анан да, алакөөдөн баласы Бокмурун ээ боло алабы,

2.Малы, дүнүйөсү эсепсиз чачылып,талоонго учурап, уулун итке минген кедейге айланабы деп кейийт.

Ушундан улам ал сөөк коюуга,кара ашка, чон ашка эсепсиз малды сарптап чыгымга учурабаса экен, бөтөн журтту (кытай,калмактар ж.б) чакырып, малды да, элди да талоонго түшүрбөсө экен дейт жана ашыкча чыгым болуунун зарылдыгы жоктугун баса белгилейт.

Көкөтөйдүн түйшөлүшү да бекеринен эмес. Эпостогу Чоң Казаттын башталышы да ашка барып такалат. Ашка келген Конурбай, Нескаралар баштаган жоо эли Мааникер деген күлүктү сурап, ортодон чыккан чыр-чатак ырбап, кандуу кагылышка айланат.Чон казатка аттанган Манастын чоролору набыт болуп, Манас да жаралуу болуп кайтат. Манастын өлүмүнө да ошол жараты себепкер болот. “Көкөтөйдүн ашы-көп чатактын башы” дегендей эле кыргыз элинин башына түшкөн чон мүшкүл,орду толгус жоготуу болот.

Көкөтөйдүн керээзине көп жагынан окшоштугу бар керээз катары “Багыш” эпосундагы (Ж.Мамайдын айтуусунда) Багыштын керээзи саналат. Эпосто жедигер элинин ханы Багыш өлөрүндө уулу Толтойго керээзин айтат. Ал негизинен төмөнкүлөргө кайрылат:

1. Кандай болбосун Манастын тукуму Семетейге катылбоосун эскертет.

2.Карыса да өзүнүн ишенген адамы- увазири Байтекенин тилин алып, кенешин угуп, эч убакта көөнүн калтырбоосун суранат.

3.Өзүнүн көзү өткөн соң, аш берем деп чарпылып, душманга элди талатып, сырын алдыргандан сактануусун айтат [2, 345-бет].

Багыш да турмуштук тажырыйбасы мол ,Көкөтөй сыяктуу көптү көрүп, көптү билген карыя болгондуктан, аш берилсе чыгымдан сырткары да элинин бейкут турмушу бузулабы деп чоочулайт.

“Манас” эпосунун окуяларында Багыш Көкөтөйдүн ашына катышкан каарман. Муну ал өзүнүн керээзинде да эскерип, калмактардын көрсөткөн кордуктарын баяндап өтөт. Ушундан улам жалгыз уулунун бөөдө чыгым болушунан, элдин кутүүсүз талоонго учурашынан кооптонот. Керээзинде жалгыз эле уулунун тагдыры үчүн күйүп-бышпайт. Ал жалпы журтка келер азап-тозокту алдын ала туюп, ошондуктан аш берүүнүн зарыл эместигин эскертет.

Эми эки керээзчи –Көкөтөй менен Багыш карыялардын жалпы журтка жагар акылкөйлүгүн карап көрөлү:

1.Эки карыя тен бөөдө чыгым тартып, аш берүүнү зарыл деп эсептешпейт.

2.Эл-журтка эзелтен кеги бар калмак, кытайлар ашка келип талоончулук кылып, үстөмдүгүн көрсөтпөсүн деп чоочулашат.

3.Ар бири өз иштерин улантуучу мураскор – уулдарынын кийинки тагдырын ойлоп, аларга кенешчи катары Баймырза менен Байтекени дайындашат.

Ал эми бул окшоштуктарды Багыштын Көкөтөйдүн ашына катышып, өзү күбө болгон нерселерди өз уулуна керээз кылып жаткан учурунан даана көрөбүз.

Жалпысынан биз сөз кылган керээздер төмөндөгүдөй идеяларды камтыйт:

а) мал-мүлктүн экономиканы,социалдык денгээлди көтөрүүдөгү ордунун зор экендиги;

б) элдин жашоосунун негизин түзгөн малды сарамжалдоо,бүлүндүрбөй кармоого чакыруу;

в) мал-мүлк үчүн келип чыгуучу чыр-чатактардан сактануу зарылдыгы;

г) журттун бейкуттугун камсыз кылуу, элдин ыркын кетирбөө.

Керээздердин мааниси бүгүнкү күндүн актуалдуу маселелерин чагылдырганы менен бааланат.Азыркы мезгилде деле төрт түлүк мал экономикалык, социалдык мааниси боюнча зор экени турмушта айкын көрүнүүдө.

Ал эми Көкөтөйдүн керээзинде кедейчиликти жоюу маселеси көмүскөдө турганы менен ачык эле байкалат. Анткени,ошончо эсепсиз чыгым кылбай эле, Көкөтөй карыянын өзүнүн сөзү менен айткандай, “кедейдин башы, кемпирдин ашы” кылып өткөрүп, ал эми жөн эле чыгымга кетүүчү мал-мүлктү кедейлерге, жетим-жесирлерге таратып берсе, кедейлердин турмушу оңолмок. Мунун ачык күбөсү катары Ч.Валихановдун көлдүк манасчыдан жазып алган үзүндүсүндөгү Көкөтөйдүн керээзинде өзү кураган журтту кароосуз калтырбай, жакырларга жардам көрсөтүп туруун Баймырзага табыштаган окуяларын көрсөтсөк болот.

Демек, Көкөтөй менен Багыштын керээздеринен учурдун талабына төп келгендери деп төмөндөгүлөрдү айтууга болот:

1.Ысырапкорчулуктан сактануу,сарамжалдуу болууга чакыруу.

2.Бейкут жашоо,ынтымакта болуп,биримдикти бузбоо.

3.Төрт түлүк малды мээнет кылып асыроо жана бөөдө чыгымга учуратпай кармоо.

Ошентип, бул эки керээзде сабак болорлук чон ойлордун айтылгандыгын дагы бир жолу эске сала кетишибиз зарыл.

Бүгүнкү күндө аш тойлорду өткөрүү да эсепсиз чыгымдар менен коштолот.Өзгөчө каза болгон адамды коюу учурунда ашкере чыгымга учурашат.Алыстан мисал издебей эле Талас өрөөнүндөгү салт-санааларга токтолсок, мындай көрүнүштөрдүн күбөсү боло алабыз.Бизде бодо мал союу (бирөө эле эмес, айрым учурда эки баш бодо мал), кийит кийгизүү,ар бир жума сайын мал союп куран окутуу, кырк күндүгүн, элүү эки күндүгүн өткөрүү, андан кийин аш өткөрүү деген сыяктуу жөрөлгөлөр колунда бар адамдар үчүн билинбегени менен колунда жок үй-бүлөлөргө материалдык жактан кыйынчылыкты туудуруп, айрымдарды карызга да батырат.Колунда болгон малын союп коюп, эч нерсеси

жок калып, “итке минген кедейге айлангандар”да жок эмес.Бирок кандай болгон күндө да каныбызга синип калган салттарыбызды четке кага албай жашап келебиз.Ал эми шариятта ар ким мүмкүнчүлүгүнө жараша гана куран окутууга тийиш экени айтылса да, салтка айланып кеткен жөрөлгөлөрдөн алыстай албаганыбыз өкүнүчтүү.

Жогорудагы керээздердин ички мааниси азыркы учурдун талабына толук жооп берет.Биз экономикалык жактан аксап турган бүгүнкү күндө ысырапкорчулукка жол бербей, сарамжалдуулукка көнө билүүбүз зарыл. Жалан жеке менчикке тиешелүү болгон мүлктөрүбүздү гана эмес, мамлекетке тиешелүү болгон кен байлыктарды, жаратылыш ресурстарын,турак-жайларды көздүн карегиндей сактап, сарамжалдуу урунууга милдеттүүбүз жана келечек муундарды да ошондой тарбиялашыбыз керек. Мындан сырткары экономиканын гүлдөп-өсүшү үчүн бейкуттукта,тынчтыкта жашоонун да зарылчылыгы чоң. Ошондуктан,бүгүнкү күндө өлкөлөр ортосундагы түзүлгөн келишимдер улуттар аралык алаканы бекемдөөгө чоң мүмкүнчүлүктөрдү түзөт деп ишенебиз.

**Колдонулган адабияттар:**

1.Орозбаков С. “Манас”эпосу.Ф.,1987.
2 Мамай Ж. “Багыш”эпосу.Б,2002

**Кошумча материалдар:**

1. Жайнакова А. “Манас” эпосундагы патриархалдык-феодалдык мамилелер. - Ф, 1988.
2. Мамай Жүсүп.”Манас”.Б.,2014. 3. “Манас” энциклопедиясы. II том.Б.,1995

УДК: 894.341-09(043.3)
DOI 10.33514/BK-1694-7711-2023-2(1)-250-254

**Алтыкеева Н.Ж., Ниясалиева Б.А.**
Талас мамлекеттик университети, окутуучу
Талас мамлекеттик университети, окутуучу
**Алтыкеева Н.Ж., Ниясалиева Б.А.**
Таласский государственный университет, преподаватель,
Таласский государственный университет, преподаватель,
**Altykeeva N.Zh., Niyasalieva B.A.**
Talas State University, Teacher,
Talas State University, Teacher

# Ч.АЙТМАТОВДУН “АК КЕМЕ” ПОВЕСТИНДЕ БАЛАНЫ ЭЛДИК ООЗЕКИ ЧЫГАРМАЧЫЛЫК АРКЫЛУУ ТАРБИЯЛООНУН МААНИСИ
# РОЛЬ УСТНОГО НАРОДНОГО ТВОРЧЕСТВА А ВОСПИТАНИИ РЕБЁНКА В ПОВЕСТИ Ч.АЙТМАТОВА “БЕЛЫЙ ПАРОХОД”
# THE ROLE OF ORAL FOLK ART IN THE UPBRINGING OF A CHILD IN THE STORY OF Ch. AITMATOV “THE WHITE STEAMBOAT”

**Аннотация:** Макалада “Ак кеме” повестинде колдонулган фольклордук мотивдер талданат. Тагыраагы Бугу-Эне тууралуу балага таятасы айтып берген жомогунун чыгарма үчүн кандай орунда турары белгиленет. Бугу-Эненин кыргыз элинин эл болуп сакталып